# Өмүр баян

Шайдуллаева Топчугүл Жолдошевна 1960-жылдын 24-январында Баткен облусунун Баткен районуна караштуу Кара-Булак айылында төрөлгөн. 1977-жылы орто мектепти аяктап, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук Университетине окууга тапшырып, аталган окуу жайдын журналистика бөлүмүн 1982-жылы ийгиликтүү аяктаган. Эмгек жолун ушул эле университеттин социология кафедрасында иштөө менен баштаган.

1985-жылы аталган окуу жайдын аспирантурасына өтүп, 1992-жылы Аль-Фараби атындагы Казак Мамлекеттик университетинин алдындагы Атайын Кеңеште "Азыркы айылдык кыргыз үй-бүлөсүнүн структурасынын жана функцияларынын регионалдык өзгөчөлүктөрү" деген темада кандидаттык диссертациясын коргогон.

1989 – 2003-жылдары Кыргыз Мамлекеттик университетинде, Кыз-келиндер педагогикалык институтунда жана Бишкек гуманитардык университетинде окутуучу, доцент жана кафедра башчысы болуп эмгектенген.

КР Акыйкатчы Аппаратынын маалымат жана басма бөлүмүнүн жетекчиси (2003),. "АгроИздательство" коомдук фондунун директору (2004-2008), КР Акыйкатчы Аппаратынын басма сөз бөлүмүнүн жетекчиси (2009-2010), "Кыргызстандын азыркы контекстинде аялдардын саясий жана экономикалык активдүүлүгүн илгерилетүүгө көмөктөшүү" долбоорунда эксперт (2011-2014), КР Өкмөтүнүн Аппаратында гендер маселеси боюнча эксперт, КР Вице-премьер министрининин жардамчысы (2013-2014), кызматтарында иштеген. 2016-жылдын январь айынан тартып "Роза Отунбаеванын демилгеси" Эл аралык коомдук фондунда эксперт катары эмгектенип келе жатат.

"Кыз бала" (1999), "Жан шерик" (2000), "Ташка чыккан гүл" (2006), "Акылкасас" (2008), "Всему свое время" (2011), "Кызыл өрүк" (2017) китептеринин автору. Чыгармалары англис, азербайжан, фин, казак тилдерине которулган.

2006-жылы КР Ардак Грамотасы менен сыйланып, 2018-жылы КР Маданиятына эмгек синирген ишмери наамына ээ болгон.